**Использованная литература:**

1. Теоретический анализ проблемы развития креативности у студентов / Д. Р. Кохановская // Актуальные вопросы совр. педагогики: мат. II междунар. науч. конф. (г. Уфа, июль 2012 г.). – Уфа: Лето, 2012.

## БАЛДАРДЫН ПСИХОЛОГИЯЛЫК ЖАКТАН МЕКТЕПКЕ БОЛГОН ДАЯРДЫГЫ

Рыспаева Ч. К. - И. Арабаев атындагы КМУ, окутуучу

Актуалдуулугу: балдардын 30-40 пайызы мектепке чейинки билим беруүдөн четте калууда.Үй-бүлөдөгү тарбия баланы карооо гана башкача айтканда убагында тамактандыруу, кийимин алмаштыруу. ойнотуу жана уктатуу менен чектелген. Натыйжада балдарыбыздын көптөгөн жөндөмдөрдү калыптанбай, өз алдынча ой жүгүртүүсү өнүкпөй, өзүнүн оюн түшүндүрө албай келүүдө. Сүйлөшүү жана жамаатташып ойноо тажрыйбасы жок, 1-класска даяр эмес абалда мектепке келүүдө.Ошондой эле психологиялык жактан да даярдык бар экендигин унутпасак. Ошол аспектке кененирээк токтоло кетели.

Ар бир бала мектепке биринчи класска бүт баардыгы сонун, жакшы болот деген үмүт менен барса керек. Жалаң бешке окуйм, классташтар менен достошуп ойнойм, мугалимин сулуу, ак- көңүл жана боорукер элестетет. Бирок бир нече жума өтөөрү менен бала мектепке көңүлсүз чогула баштайт эмеспи. Дүйшөмбү күндөн эле тартып дем алышты самай баштайт, мектептен көңүлсүз, кыйкымдуу абалда келе баштайт. Эмне болуп кетти? Күткөнү, ойлоп элестеткени, самаганы, кызыктуу жашоо менен байланышкан кыялы акталган жок. Жанагы «мектептин күндөлүк оокат турмушуна» өзү даяр эмес экендиги келип чыкты. Эмне үчүн ушундай болушу мүмкүн? Анткени балдар мектепти аябагандай кызыктуу элестетишип, өзүнүн биринчи класска баруусун жашоосундагы позитивдүү өзгөрү-үлөр менен байланыштырышат. Көбүнчөсү мектеп турмушу- эн чоң эмгек экендигин түшүнүшпөйт. Кадимки эле чоң кишилердин эмгегиндей, дайыма эле кызыктуу жана жагымдуу боло бербейт. «Эмне үчүн сен мектепке баргың келип жатат?» деген темада биринчи класска жаңы барган окуучулардан сурак жүргүзсөк, көбүнчөсү окуш үчүн деле барбайт экен, алардын барган себептеринин бири- өздөрүнө көп жакпаган жашоосун өзгөрткүлөрү келет экен, кызыктуусу. Төмөндө алардан алган жооптордун түрлөрү:

- мектептеги тамактануу,
- мектепте күндүз уктоонун кажети жок (бала бакча менен салыштырмалуу),
- жаңы досторго ээ болуу,
- шаар ичине жалгыз чыгуу.

Мектеп- бул күндө майрам деп күткөн бала канааттанбагандыкты сезе баштайт, анткени ал өзүнө жакпаган, кызыгы жок ишти күнүнө аткарууга милдеттүү. Психологдордун айтканына караганда, бул көйгөйдүн баардыгы бала мектепке психологиялык жактан даярдыгынан көз каранды. Мектепке алып жатканда окуу, саноо, жазуу жөндөмдүүлүктөрүн текшерип мектепке кабыл алышат дегенибиз менен,бул түшүнүктөрдү психологиялык даярдык деген түшүнүк менен байланыштыра албайбыз. Бирок окуунун биринчи эле айларында окууну жана эсептөөнү жакшы өздөштүргөн баланын мектепке болгон кызыгы тарай баштайт, тартиби бузулат, ошону менен бирге баланын мектептен калуусуна өбөлгө түзөт. Ата-энелер тынчсызданып, эмне болуп жаткандыгын түшүнүшпөйт. Баланы негизи мажбур болбогон, ээн эркин шарттарда, окуу жана эсептөө жөндөмдүүлүктөрүн арттыруу максатында, көбүнчөөсү оюн шарттарында окутуп даярдоо зарыл. Психологияда оюн баланын айлана- чөйрөдөгү адамдардын аракетин, алардын өз ара мамилесин чагылдыруучу активдүү ишмердүүлүк катары каралат. Мектеп жашына чейинки балада оюн негизги иш- аракет, эмгекке даярдоонун мектеби жана тарбиялоонун каражаты [4, 108б.]. Азыркы күндө көптөгөн адабияттар, ата-энелердин, чоң ата, чоң энелердин ишин жеңилдетүүдө. Эң негизгиси бала каалабаса, аны муктаждоо туура эмес. Бул баланын окууга болгон кызыгуусун жок кылууга алып келет. Баланы мектепке чейин окуп, санаганды үйрөтүүнүн кажети жокпу? деген суроого жооп бердик болуш керек.

Бирок, кайталай кетсек, айтылып өткөн сөздүн психологиялык даярдыкка эч кандай байланышы жок. Баланын психологиялык жактан мектепке болгон даярдыгы деген эмне? Мектепке психологиялык даярдык дегенде баланын өзүнүн курдаш балдары менен коллективдик окуу шарттарында, мектептин окуу программасын өздөштүрүү үчүн керектүү жана жетишээрлик деңгээлдеги баланын психикалык өнүгүүсү. Л.С.Выготский окуу менен өнүгүүнүн өз ара байланышын изилдеп, психиканын пайда болуп өнүгүүсүнүн социалдуулугуна өзгөчө маани берген. Анын ою боюнча баланын аракеттерден сырткы каражатына ээ болуусу чоңдордун көрсөткөн жардамынын, карым-катнашынын негизинде түзүлүп, окутуу өнүгүү процесси пайда кыла тургандыгын жана "өнүгүүнүн жакынкы зонасын" аныктоодо баланын ээ болгон билими, өз алдынчалыгы менен башкалардын көрсөткөн жардамынын айырмачылыгын белгилеген [5,132б.]. Окуу баланын өнүгүүсүнүн эң жакын зонасына илинсе, б.а.туура келгенде гана, окуу натыйжалуу болду деп айта алабыз.

Мектепке психологиялык даярдык биринчи класстын окуучусунун окуусунун ийгиликтүүлүгүн же ийгиликсиздигин аныктоочу комплекстүү көрсөткүч. Мектепке болгон даярдык төмөндөгү психикалык өнүгүүнүн параметрлерин камтыйт:

1. Баланын окуу мотивациясы, мотивациялык даярдык.
2. Бала мугалимдин талаптарын аткара ала тургандай эркин жүрүм турумдун өнүгүү деңгээли,

3. Жалпылоонун эң жөнөкөй операцияларын билүү менен баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээли.

Ар бирөөсүнө кененирээк токтолуп кетели.

1. **Мотивациялык даярдык.**

Мотивация дегенде, биз бир нерсени каалоо деп түшүнөбүз. Биздин учурда окууга болгон каалоо. Баланын окууга болгон кызыгуусун арттыруу, жаңы бир нерсени билүүгө умтулуу. Бирок мектептеги окуу жалаң кана кызыктыруучу тапшырмалардан турбагандан кийин, кызыгы жок, зериктирме, жадаткыч тапшырмаларды да аткарууга стимул, же б.а. демилге туудуручу себептердин болушу зарыл. Кандай учурларда? Мисалы, мектеп жашына чейинки бала жакшы сүрөт тартып ата- энесинин мактоосуна ээ болуш үчүн балдар менен ойногондон баш тартат. Мындай өзгөчөлүк мотивдин маанилүүлүгү боюнча бала өзүнүн жүрүм- турумун багыттап жөнгө салышын мүнөздөйт [4, 146б.]. Бала окуучу экендигин билип,өзүнүн милдеттерин билгенде жана ошондой эле тапшырмаларын жакшы аткарганга аракет жасаганда гана айта алабыз. Көбүнчөөсү биринчи класстын окуучулары мугалимдин мактоосуна татыктуу болуунун максатында үлгүлүү окуучу болууга аракет жасашат.

Баланын билим арттыруу кызыгуусу жана эмгектенүү аракетинен окуу мотивациясы келип чыгат. Билгичтик керектүүлүгү балада төрөлгөндөн баштап эле бар, андан ары от сымал: чоң адамдар канчалык баланын муктаждарын канааттандырса, ошончолук ал күчөйт. Ошондуктан кичинекейлердин суроолоруна жооп берүү, өнүктүрүүчү оюндарды ойнотуу зарыл. *аларга көбүрөөк өнүктүрүүчү* жана адабий китептерди окуп берүү, Мектепке чейинки балдар менен иштеп жатканда, алардын *кыйынчылыктарга болгон* реакциясы кандай экендигин байкоо керек, ал баштаган ишинин аягына чыгабы же болбосо аныташтап салабы. Сиздин сунуш кылган жардамыңыз кичинекейдин кыйынчылык туудурган маселесин чечүүгө жардам берет жана аны чечтим дегенде ал канааттандырарлык сезимге ээ болот. Сиз болсо сөссүз түрдө аны баштаган ишин аягына чыккандыгы үчүн мактооңуз зарыл. Мактоо баланыны кылган ишинин туура экендигин кубаттоону билдирет. Туура пайдаланылган жактыруу балдардын демине дем кошуп, эргитип, жакшы жүрүш-турушту колдойт, баланын көңүлүн көтөрүп, адамдык наркын бекемдеп, зоболосун бийиктетет [1,304б.]. Убакыт өткөн сайын бала баштаган ишин аягына чыгаруу көнүмүш адатка айланат.

**2.Бала мугалимдин талаптарын аткара ала тургандай эркин жүрүм турумдун өнүгүү деңгээли.**

Контролдонгон максаты бар жүрүм-турум, б.а. аныкталган максатына жараша аткарылган жүрүм-турумду эркин жүрүм-турум деп түшүнөбүз. Төмөндөгү нерселер менен, баланынэркин жүрүм туруму жакшы калыптанган эмес деп айта алабыз:

- сабакта мугалимди укпайт, тапшырмасын аткарбайт;
- эрежелерге жараша иштей албайт;
- мисалдарды көрүп окшоштура албайт;
- тартипти бузат

Өткөрүлгөн изилдөөлөргө таянсак, эркин жүрүм турумдун өнүгүүсү баланын мотивациялык сферасынын өнүгүшүнөн көз каранды. Анткени, мектепке кызыгуусу жок болсо жана аларды мугалим кандай баалап жаткандыгына кайдыгерлик көз караш болсо, ошондой балдардын көбүнчөөсү мугалимдин тилин албайт. Акыркы убактарда мисалды көрүп иштей албаган балдардын саны өсүүдө. А биринчи класстардын окуусу негизинен мисал менен иштөөгө таянат эмеспи. Бир жагынан карасак, жанагы эле мотивациялык себептер: кыйын, кызыгы жок маселелерди жасоодо, анын эмгегин баалоодогу кайдыгерлик көз караш. Башка жеринен карасак, мектепке чейин мисал менен иштөөнү бала көрө элек болсо, анда мектептен андайларга кыйынырак болот. Алар кубиктерди мисалдагы сүрөттөргө карап чогултуп көрүшкөн эмес, жадагалса сүрөттөрдү көрүп окшоштуруп тартып көрүшкөн эмес. Эреже менен иштегенди деле, көбүнчөөсү мектепке чейин эреже менен оюндарды ойнобогон балдар билбейт. Балдар менен сюжеттик ролдук оюндарга ойноо менен бала биринчи жолу эрежени сактаганды үйрөнө баштайт , анткени балдардын өздөрү менен аныкталган эрежелерди сактоо керек да, өзүнүн ролун так ойнош керек. Сюжеттик ролдук оюнду ойноп жүргөн бала, эгерде ал баланын көңүлүнө мектеп жакса, анда ал коп кыйынчылыгы жок эле өзүнө окуучуунун ролун да кабыл алат, ал ролго тиешелүү эрежелерди так аткарат. Мектепке чейин сюжеттик ролдук оюндарда тажрыйбасы жок балдар башында мугалимдин талаптарын так аткаргандан кыйынчылык тартат.

2. **Жалпылоонун эң жөнөкөй операцияларын билүү менен баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээли**

Жалпылоо адамга ар кандай предметтерди салыштырууга өбөлгө түзөт, алардын баарынан бир убакытта айырмачылыктарын эске алуу менен, жалпы бир окшоштуктарды аныктайт. Жалпылоонун негизинде классификация өткөрүлөт, башкача айтканда жалпы касиеттерге ээ болгон же алар менен иштөөнүн жалпы жолдору бар кандайдыр бир объекттердин классын бөлүү же аныктоо. Жалпылоо процессинен баланын окутула тургандыгы көз каранды. Баланын окутулушу өзүнө интеллектуалдык операциялардын эки этабын камтыйт. Биринчиси- жаңы эрежени өздөштүрүү (маселе чыгаруу ж.о.э.), экинчиси- өздөштүргөн эрежени окшош маселе мисалдарга колдонуу. Жалпылоо жөндөмдүүлүгү жок экинчи этапты ишке ашыруу мүмкүн эмес. Негизинде мектепке тапшыруу мезгилинде бала эмпирикалык, башкача айтканда тажрыйбада негизделген жалпылоого жөндөмдүү же ээ десек да болот. Бул, предметтерди салыштырууда бала сөз менен окшош мүнөздөмөлөрдү аныктоо, бөлүү менен предметтерди кандайдыр бир класска, түшүнүккө тийиштүү кылат дегенди билдирет. Мисалга алсак, унаа, поезд, самолет, автобус, троллейбус ж. б.- транспорт экенин же бир жерден экинчи жерге жеткирүү каражаты экендигин түшүнөт.

Ар кандай предметтердин мүнөздөмөлөрүн билүү процессинде жалпылоо өнүгөт. Ошондуктан бала чөйрөсүн изилдей ала тургандай мүмкүнчүлүктөрдүн болушу зарыл. Балдар кум, суу, топурак, таш ж. б. менен ойногонду жакшы көрүшөт. Алар апасы менен камыр жуурутусу келет. Алар жей турган жана жебей турган нерселердин жыты кандай экендигине, бир нерсени отургузуп койсо эмне болот деген сыяктуу жана башка көп нерселерге кызыгын арттырышат.

Ошентип, баланын психологиялык жактан мектепке болгон даярдыгы айтылып өткөн компоненттерден турат: мотивациялык даярдык, бала мугалимдин талаптарын аткара ала тургандай эркин жүрүм-турумдун өнүгүү деңгээли жана жалпылоонун эң жөнөкөй операцияларын билүү менен баланын интеллектуалдык өнүгүүсүнүн деңгээли. Психологиялык жактан даярдыктын белгиленген компоненттери деген мектепте окуусун жакшы жана оңой баштоо үчүн баланын өзүнүн жашына ылайык психикасынын керектүү жана жетишээрлик деңгээлде өнүгүшүн билдирет. Эгерде бала окуганды кааласа, кылдаттык менен мугалимдин талаптарын так аткарганга аракет кылса, үлгү жана эреже менен иштегенди өздөштүргөн болсо,оңой жана жакшы окутулса, демек андай баланын окуусунда көйгөйлөрдүн болушу деле күтүлбөйт. Балдардын мектепке даярдыгы баланын ден-соолугу чың болуусуна, эмоциялдык, инсандык, таанып билүүчүлук жана эстетикалык жактан өнүгүүсүнө, социалдык көндүмдөрдүн калыптануусуна байланыштуу болорун унутпасак.

Ата-энелер өзүнүн баласынын мектепке болгон даярдыгын кандай жолдор менен текшерсе болот деген темага кийинки ишибиз арналат деген үмүттобүз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Апыш Б., Бабаев Д., Жоробеков Т. Педагогика. Бишкек-2002
2. *Безруких М.М., Ефимова С.П. Ребенок идет в школу. М., 1998.*
3. Выонова Н.И. *Психологическая готовность ребенка к школьному обучению – М.: Академический проект, 2005-с. 18712.*
4. Жумалиева Ж. М. Инсандык жаш курак мезгилдери, өнүгүшү, *калыптанышынын психологиялык* өзгөчөлүктөрү Б.:2008.96б
5. Кожогельдиева К. М. Педагогикалык психология


## ПРОБЛЕМА ДЕВИАЦИИ ДЕТЕЙ ПОДРОСТКОВОГО ВОЗРАСТА


Садырова Б.С.- КГУ им. И. Арабаева, и.о.доцент
Сим С.Г. - КГУ им. И. Арабаева, магистрант


Подростковый возраст охватывает период от 10-11 лет до 13-14 лет и является одним из самых сложных и ответственных в жизни ребенка и его родителей. Этот возраст считается кризисным, поскольку происходят резкие качественные изменения, затрагивающие все стороны развития и жизни. Кризис подросткового возраста связан с изменением социальной ситуации развития и ведущей деятельности.

**Социальная ситуация развития** - это особое положение ребенка в системе принятых в данном обществе отношений. В подростковом возрасте она представляет собой переход от зависимого детства к самостоятельной и ответственной взрослости. Подросток занимает промежуточное положение между детством и взрослостью.

**Ведущая деятельность** - эта та деятельность, которая определяет возникновение основных изменений в психическом развитии ребенка на каждом отдельном этапе. Если у младших школьников такой деятельностью является учебная, то в подростковом возрасте она сменяется на интимно-личностное общение. Именно в процессе общения со сверстниками происходит становление нового уровня самосознания ребенка, формируются навыки социального взаимодействия, умение подчиняться и в тоже время отстаивать свои права. Кроме того, общение является для подростков очень важным информационным каналом.

В результате такой резкой смены интересов в подростковом возрасте часто страдает учебная деятельность, снижается школьная мотивация. Пытаясь вернуть прежние школьные успехи, родители стараются ограничить детей в общении со сверстниками. Однако важно помнить, что именно общение со сверстниками является наиболее важной для подростков деятельностью и оно необходимо для полноценного психического развития ребенка.

Многие особенности поведения подростка связаны не только с психологическими изменениями, но и с изменениями, происходящими в организме ребенка.

**Половое созревание и неравномерное физиологическое развитие** подростка обуславливают многие его поведенческие реакции в этот период.

Подростковый возраст характеризуется эмоциональной неустойчивостью и резкими колебаниями настроения (от экзальтации до депрессии). Поведение подростков зачастую бывает непредсказуемым, за короткий период они могут продемонстрировать абсолютно противоположные реакции:

- целеустремленность и настойчивость сочетаются с импульсивностью;
- неуемная жажда деятельности может смениться апатией, отсутствием стремлений и желаний что-либо делать;